**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

2023-жылдын 9-июну № 111 Бишкек шаары

**«Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын отканалары иштеп чыгарган жана алардан берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Энергетика жөнүндө”, “Электр энергетикасы жөнүндө” мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 14-мартындагы № 2 буйругу менен бекитилген продукциянын (жумуштардын, кызматтардын) өздүк наркын аныктоо жана жылуулук энергиясына тарифтерди түзүү методикасына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 31-майындагы № 101 “Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен жабдууга тарифтер жөнүндө” буйругуна ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2023-жылдын 9-июнундагы № 06/16 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2023-жылдын 1-июнунан тартып «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын отканаларынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер бюджеттик, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр үчүн (“Калк” керектөөчүлөр тобунан башка) 1 Гкал үчүн төмөндөгү өлчөмдө белгиленсин (салыктар эсепке алынбастан):

- жаратылыш газы менен иштеген отканалар үчүн – 6 202,59 сом;
- көмүр менен иштеген отканалар үчүн – 6 444,29 сом;
- электр энергиясы менен иштеген отканалар үчүн – 6 553,46 сом;
- «Бишкексельмаштын» отканалар үчүн – 2 881,48 сом.

2. Ушул буйруктун тиркемесине ылайык базалык жылга «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү бекитилсин.

3. Кыргыз Республикаснын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 29-октябрындагы № 165 «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын отканалары иштеп чыгарган жана алардан берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке жылуулук энергиясына тарифтерди белгилетүү үчүн берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын директоруна жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы:

- ушул буйрукту аткаруу үчүн «Бишкек жылуулук энергия» коммуналдык ишканасынын дарегине жөнөтсүн;

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**